УДК: 37.013.

# БАРПЫ АЛЫКУЛОВ – ЭЛДИК ПЕДАГОГ, НУКУРА ТАРБИЯЧЫ
# БАРПЫ АЛЫКУЛОВ – НАРОДНЫЙ ПЕДАГОГ, ИСТИННЫЙ ВОСПИТАТЕЛЬ
# BARPI ALIKULOV - PEOPLE'S PEDAGOG, PURE BRINGING UPPER

***Рыскулова Г. У. - п.и. к., доц.м.а.,***
***Сатыбалдыева Г.Ш. – окутуучу.***

*Аннотациялар: Бул макалада Б.Алыкуловдун өмүрү чыгармачылыгы жана ырларындагы таалим-тарбия маселесинин берилиши каралды.*

*В данной статье рассмотрены биография творчество воспитания в стихотворениях Б.Алыкулова.*

*Alykulov's biography and his creative work, educative problems in his poems were given in this article.*

Барпы Алыкулов турмуш чындыгын таамай айтып ырдаган, эки доорду даңазалаган кыргыздын ак таңдай акыны болгон. Анын бизге калтырып кеткен руханий көркөм мурасында таалим-тарбияга, адеп-ахлак ойлорго бай, турмуш философиясын көркөмдөп, не бир сонун салыштыруулар менен берген асыл нарктары калды. Барпынын азыркы күнгө чейин Барпы деп аты өчпөй аталып келишине да анын ушул рух дөөлөттөрү себепкер болуп келе жатат. Баштан кечирген оор турмушу анын карапайым, жөнөкөй мүнөздө калыптанышына, ошол эле учурда чечен болушуна да түрткү болгондой. Акын атайын билим алып сабаттуулугун жойбосо да, Аалам кубулуштары, философиялык түшүнүктөр, таалим-тарбия, насаат жөнүндө ой жүгүртүүлөрү эч бир кынтыксыз көркөм сөз каражаттарынын таасирдүүлүгү менен боелуп, уккан, окуган адамдарга өзүнчө таасир калтырып, ойлондурат. Акындын ушундай чоң чыгармачылык ийгиликке эч кандай айтуучулук өнөрү боюнча билими жок кантип жетишти деген суроо өзүнөн өзү жаралат. Ошол мезгилде ага замандаш жашаган топ ичинде булбулдай сайрап, төгүп ырдаган акындардын көптүгүнөнбү, же тубаса жаралган талантынанбы?

Адамдын башынан өткөргөн оор тиричиликтеги көргөн түрдүү тажрыйбалары жүрүп отуруп адамдын акыл токтотуп, терең пикир жаратуусуна шарт түзүп, инсандын аң-сезимине таасир этет. Адам коомго карап жашап, өзүнүн керектөөсүн камсыз кылуу менен катар, инсан катары өсүп калыптанат. Педагогика илиминде инсандын өсүп жетилүүсүндөгү анын Адам болуп, коомдо ордун таба алышын аныктоодо эки түрдүү көз караш айтылып, анын тегерегинде көптөгөн талаш жаралган. Алардын бири биогенетикалык көз караш, экинчиси социогенетикалык көз караш болгон. Биринчи биогенетикалык көз караш боюнча инсандын өсүп жетилүүсү анын жаратылышынан, табиятынан көз каранды деп айтышкан. Алар Адам төрөлгөндө эле анын келечекте ким болоору жөнүндө табигат тарабынан аныкталып коюлат дешет. Бул көз караштын жактоочулары Платон жана Аристотелдер болушкан. Америкалык белгилүү окумуштуу ойчул, педагог Эдуард Торндайк, Джон Дьюи адамдын психикалык сапаттары, жүрүм-туруму адамдын дене мүчөлөрү сыяктуу калыптанган бойдон даяр берилет. Баланын кандай Адам болуп чоңоюшу анын табигат кандай жаратканына жараша болот деген тыянакты айтуу менен, коомдогу тарбиянын ролун жокко чыгарышкан.

Ал эми социогенетикалык көз караштагылар болсо, инсандын коомдо өсүп жетилүүсүн тукум куучулуктан эмес, ал жашаган чөйрөнүн жана тарбиянын таасиринен көз каранды деп эсептешкен. Адамдын инсан катары калыптануусуна табигаттын таасири жок экендигин далилдөөгө аракеттенишкен. Бул көз караштын жактоочулары Аль-Фараби,

Ибн Сина, Джон Локк жаңы төрөлгөн балада жакшы да, жаман да сапаттар болбойт деп, аны таптаза доскага салыштырып, ошол эч нерсе жазылбаган доскага айлана-чөйрөнүн жана ага берилген тарбиянын таасиринен гана бул же тигил сапат жазыларын далилдешкен.

Барпы Алыкулов 1884-жылы Жалал-Абад областынын Сузак районундагы Ачы кыштагында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Алыкулдун атасы өтө жарды болгондуктан, Барпы агасы Болот экөө 7-8 жашынан үй оокатына жардам берүү үчүн байлардын малын багып, оор күндөрдү башынан өткөрүшөт. Ал жаштайынан Калмат бай, Матисак, Назарбай, Мадаалы деген байлардын малын багып, Ысакбайдын пахтасын өстүрүп, оор жумушун жасап күн көрөт. Улуу Октябрь революциясы жеңишке жетишип, падыша бийлиги кулагандан кийин, Барпыга окшогон чор таман эмгекчилер эркиндикке жетишти. Барпынын атасы Алыкул, чоң атасы Шаамурза да жамактатып кошуп ырдаган адамдар болушкан. Барпынын чыгармачылыгынын өсүп жетилип, калыптанышы жөнүндө Ж.Таштемиров: “Барпы ырчылыкка жаш кезинен, ачык айтканда, жашынан киришет. Ал эми 16 жашка барганда эл арасына акындыгы билинип калган эле. Барпыга көбүн эсе өз атасынын таасири тийген болуу керек, себеби – Алыкул да ырларды тизмектетип айткан жамакчы акындардан болгон. Баласынын акындыгын сынап, ыр менен суроо берип да көрүп, анын сөздөрүнүн таасындыгына карай келечекте акын болуп чыгат деп ага үмүт кылган эле» - деп жазат. (2.19.) Анын оор турмуштун айынан бай-манаптардын эзүүсүнө туш болуп, кордук көрүшү аларга каяша айтууга мажбур кылат. Ал 16 жашында жалданып жүргөн Назарбай байдан катуу кордук көрүп, ага каяша айтып айтыша кетет. Анын бул айтышы жөнүндө Ж.Таштемиров Барпы боюнча жазган изилдөөсүндө: “Барпы 16 жашында малай болуп жалчы жүргөн байы Назарбай менен да айтыша кетет, себеби – Назарбай өзү жамакчы акын болгондуктан «Сен акчага сатып алган кулумсуң» деп Барпыга өзү тийиштик кылат. Барпы тартынбастан жооп кайтаруу менен анын кылмышын ашкерелеп, айтышта аны жеңип салган» - дейт. Атасынан баласына өткөн жамактатып айтуу өнөрү буга чейин Барпыда кой жайып жүргөндө эле жаралып, бир нече жолу эл ичинде да айтылып оозго алына баштаса керек. Барпынын акындык өнөрү бар экенинен кабардар болгон Назарбай да акындык өнөргө кызыккандыктан, экинчи жагынан менин кол алдымдагы жалчы кул эл оозуна алынып, атагы чыгабы дегендей кыска ою менен жаш акынга тийиштик кылып, кемсинтип кордойт. Жаш акын Барпы да өзүнүн алдында сөз менен кемсинтип турган Назарбайдан тайманбай ыр түрүндө жооп айтып, айтышып, аны жеңип уят кылат. Назарбай менен кайым айтышып, акындын кадыр-баркы дагы көтөрүлүп, эл ичинде аңыз кептер тарап, анын төкмөчүлүк айтышы ачыкка чыга баштайт. Ал бардык эле акындар сыяктуу Ааламдагы түрдүү кубулуштарга карата өз баамын салып, философиялык ойлорун айтып кеткен. Анын ушундай философиялык көз караштагы ырларын айтууга болот. «Айт, айт десе» деген ырында Адам жашоосундагы өйдө-ылдый тартыш болгон өзгөрүлмөлүү, акыйкатсыз турмушту баяндап, турмуштагы жашоонун теңсиздигин талкалай турган Адам барбы дейт. Ал эми «Күн» деген ырында күн күчтүү оттон жаралган, ал жан-жаныбарларга, өсүмдүктөргө өмүр берип, андан адамдарга да жыргалчылык берээрин айтат. Күн нурунан мөңгү ээрип, суу күркүрөп көбөйүп, өсүмдүктөр, мөмө-жемиштер бышып, дыйкан мол түшүмгө ээ болот. Күн жер бетиндеги бардык тиричиликке жан киргизип, нурун тегиз чачат. Күндүн адам баласына эң зарыл нерсе экенин, анын эч нерсеге теңдешсиздигин төмөндөгүдөй баяндайт:

Күн нурундай касиет  
Издеген менен табылбайт.  
Күндүн нурун мактаган  
Көр Барпы ырчы жаңылбайт. (3.23.)

Күндүн нуру миңдеген кылымдар бою бардык болуп өткөндөргө күбө болуп, өлбөстүктүн белгиси, дүйнөнүн түркүгү дейт:

Чыккан күн, менин күнөсүм,
Чыкырооъду сүрөсүң.
Эртең менен болгондо,
Тоо башынан күлөсүң.
Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң
Миң-миңдеген кылымга,
Айта келсек чынында
Жалгыз өзүң күбөсүң,
Замандар өттү, сен калдың
Адамдар өттү, сен калдың
Өлбөстүккө ашкере
Түркүксүңбү бир өзүң (3.24.)

«Аккан суу» ырында суунун жашоо үчүн өтө маанилүү экенин төмөнкүдөй сүрөттөйт:

Мөлтүрөйт аккан бөлөкчө,
Түшпөй өткөн киши жок.
Ар күнү сенден бир таам,
Ичпей өткөн киши жок,
Жарандардын жаны-сен,

Абрахмат аккан суу – деп суу өмүрдүн булагы экенин айтат. (3.35.)

«От» деген ырында:

Кадимкидей оттун да,
Карасы бар, агы бар.
Күн менен түн сыяктуу,
Күүгүмү бар, таңы бар.
Жакшылыкта жанаша,
Жан көрбөгөн багы бар,
Ойроңдотор, сүйүнтөр,
Оң, тескери жагы бар.
Адамдардын багына
Ар бир күндүн таңына,
Аруулуктан шам жагат.

Алоолонгон жаныбар-деп оттун пайдалуу жагы менен тескери көрүнүшүн айтат. (3.43.) Күн, жер, от, суу – булар жашоонун эң башталмалары экенин философ акын ырларында белгилеп, Адам турмушунун зарыл кубулуштары катары эсептейт. «Болор жигит», «Болбос жигит» деген ырларында эр жигитке тиешелүү оң, терс сапаттары салыштырылып берилет. «Болор жигит» деген ырында:

Киши болор жигиттин,
Киши менен иши бар.
Өзү менен барабар,
Өзөк болор киши бар. (3.62.)

Болор жигит сүйлөгөн сөзүн ойлоп сүйлөп, кылган иши эл үчүн болуп, кылган ишинин майын чыгарат. Болор жигит мекенчил болуп, эл камын ойлойт. Барпынын мындай таалим-тарбиялуу ырлары көптөгөн уландарды патриоттуулукка чакырат. Акын ырларында жашоодогу жакшы жигиттин оң сапаттарын көрө албастардын, куулук менен

алдап терс жакка буруучулардын, аларды адаштырууну максат кылган ушакчылардын кошо жүрөрүн да эскертет. Ал эми «Болбос жигит» деген ыры төмөндөгүдөй башталат:

Киши болбос жигиттин
Киши менен иши жок
Жакын тартып өзүнө,
Жан ачытар киши жок.
Теңтуш менен сүйлөшүп,
Отурушка кушу жок,
Тууганды тууган билбестен,
Иштегени доомат-док. (3.63.) Болбос жигит башка бирөө менен иши жок, өзүн гана ойлогон, ар кандай иште жаңжал, чыр чыгарып, бир иштин аягына чыкпайт, анын коомго зыяны гана тийип тураарын белгилейт.

«Аялдын жакшысы» - деген ырында:

Жакшы аялдын белгиси,
Аста сүйлөп күлүшү,
Жыла баскан жоргодой,
Майин болот жүрүшү
Жайык болот кабагы,
Жагымдуу болот жамалы,
Боорукер болот тууганга,
Астаадил болот мейманга
Чалкыган көлдөй кең болот.
Барча журтка тең болот.(3.70.)

Үйүнө келген адамга эч нерсесин аябайт, үй ичин да орундуу жайгаштырат. Меймандос болуп, сабырдуу болот, төркүнүнө да сөз тийгизбеген тарбиялуу болот. Мындай жарга туш болгон эр жигит бактылуу болот дейт.

«Аялдын жаманы» деген ырында:

Жаман аял белгиси,
Адамды келбейт көргүсү,
Үйүнүн ичин чыр кылып,
Көрүнгөнгө булкунат.
Бышырганы атала,
Үчтөн бирин күл кылат.
Казанын жуубай катырат.
Идиш-аяк чачылат. (3.72.)

Мындай аялдын үйүндө баш-аламандык орун алат. Өзүнүн кемчилигин билбей, күнөөнү башкадан издейт. Үй ишин кылбастан, айылдаганды жакшы көрөт. Щй оокатына, кол өнөрүнө чоркок, тили менен көрүнгөнгө сын тагат. Күйөөсү менен чыгыша албай, жаман аял болот. Ошондой эле акындын кыз балдарга да арнаган тарбиялык маанидеги «Жакшы кыз» деген ыры бар. Акын таалим-тарбияга чакырып ырдаган ырлары аркылуу аялзатынын ички адеп-ахлак мүнөзүнө баа берүү менен, аялзатынын жүрүм-турумунун кандай болуу керектигин жаман сапаттар аркылуу салыштырып, мисалдатып ырдайт. Аялзаты эмгек менен сулуу болот эмеспи. Эмгек аялзатынын ички ажарын ачып, көркүнө чыгарат. Адептүү жигит, адептүү кыз коомдун, жалпы элдин сүймөнчүгү экенин, жаман жигиттин, жаман кыздын аракеттери жалпы элге жакпаган адепсиз экенин белгилейт.

Барпы революцияга чейин караңгы кыргыз элине турмуш чындыгын, жашоонун оош-кыйышын ырга салып ырдаган. Ал коомдогу бардык көрүнүштөргө акын катары, элдик педагог, тарбиячы, насаатчы катары баа берип өзүнүн көз карашын билдирген. Ар-намыстуу, эркиндикти эңсеген элдин алдында жол көрсөтүүчү, агартуучу катары таалим-

тарбиялык ырлары менен өз милдеттерин өтөгөн десек жаңылышпайбыз. Ал өмүрүнүн акырына чейин жаңы доорду даңазалап, элдин жашоосу оңолгонун ырдады. Барпы акындын бала кези оор турмушка дал болсо, ал кийинки жашоосунда да бир топ оор түйшүктүү тагдырды баштан кечирет. Анын көзү көрбөй калганы өзүнчө бир трагедиялуу көрүнүш болсо, балдарынын токтобой калышы дагы бир трагедияны жараткан. Анын Керез деген уулу болгону жөнүндө айтылат. Ал 2 жашында эч бир оорубай эле өтүп кеткен. Умсунай деген кызы 15 жашында өлгөн. Барпыда балдардан арманы бар эле. Барпынын тагдырында оор кайгы, азап болсо да ал курчугандан, курчуп, күч алгандан күчөп чыгармачылыгын өркүндөтүп, ырларын эл алдында, чоң жыйындарда тартуулап жщрё берди. Ал көзү көрбөсө да, сезими менен туюп, эргип ырга берилгенде кандайдыр бир кщч ичтен буркан-шаркан түшүп, сөзүн оозунан көбүртүп тургандай сезилээрин жакындары эскеришет. Жогоруда айтып өткөндөй Барпыга ыр төгүп айтуу таланты төрөлгөндө эле тубаса берилгендей. Анын дене бөлүгүндөгү өзгөчө жаралган *уру* жөнүндө кызы Бурул Парпиева мындай деп эскерет: «Атам көкүрөгүндөгү урун табыпка барып алдырып кайткандан кийин эле иш оңолбой калды. Чамасы, ошол урда колдоп жүрчү бир касиет бар окшойт. Күн өткөн сайын өңүнөн азып баратты. Кээде ойлору чачылып, сөзүнөн жаңылып калчу болду…».(2.243) Акындын кызынын эскерүүсүнө караганда, акындын талантынын жаралышы табигат тарабынан тубаса берилген өнөр экенине ынанып кетесиң.

Кандай айтсак да, Барпы акындын артында калган баалуу мурастары, эл ичиндеги айтып кеткен сөздөрү, айкөл жүрүм-турум адаттары, адеп-ахлак дөөлөттөрү, моралдык ишенимдери акындын рух маданияты, терең жан дүйнөсү бай гуманист адам экенинен кабар берип турат. Барпы акындын кыргыз элине калтырып кеткен адеп-ахлактык рух маданияты терең ой мурастары биз үчүн сабак, кийинкилерге дагы да насаат боло бермекчи демекпиз.

Адабияттар:

1. Апыш Б. Жалпы дидактиканын негиздери. –Бишкек 1991.
2. Барпы изилдөөлөр, эскерүүлөр, арноолор. –Бишкек., 1994.
3. Барпы.I том. Түзгөн: Болотбек Апилов. –Бишкек. 1995.
4. Байгазиев С. Педагогикалык руханият. –Бишкек 2008.
5. Исаков Б.И. Сабат санжырасы. – Бишкек. 1993.

Рецензент: Найманбаев М.Ж. – п.и.к., доцент